**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА**

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

06-июль 2022-жыл №40 Тилекмат айылы

**Карьер үчүн жер берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министирлигинин планына кирип, жолдорго асфальт төшөө иштери башталып жаткандыгына байланыштуу аймактан шагыл алууга карьер үчүн жер берүү боюнча Ак-Дөбө айыл өкмөт башчы М.Алиевдин билдирүүсүнүн негизинде айылдык кенеш токтом кылат:

1. "Тилекмат-Липенка" автожолунун Тилекмат, Мундуз жол тилкесинен 1 км жолду асфальтоого Тилекмат айылынан №963 контурдан 0,10 сотых жер тилкесин жана "Сүттү-Булак, Боз-Бешик, Ак-Дөбө, Мундуз-Тилекмат" автожолунун Ак-Дөбө, Мундуз жол тилкесинен 1км жолду асфальтоого Ак-Дөбө айылынын №458 контурдан 0,10 сотых жер тилкеси бекитилип берилсин.

2. "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Ысык-Көл жерге жайгаштыруу филиалынын корутундусу эске алынсын.

3. Карьерге берилген жерлер боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы М.Алиевге, жайыт комитетинин төрагасы Ж.Жийдебаевге, "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Н.Абдиевге жана турак жай коммуналдык менчик жана жерге жайгаштыруу боюнча жетектөөчү адис Т.Усубалиевге жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы М.Алиевге милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**